## АБЛЕС УУЛУ АЛАЙДАР ОРТО МЕКТЕБИ

# КӨРКӨМ ӨНӨР

**ТЕМАСЫ:**

**«Живописке алгачкы кадам. Түстөр дүйнөсүнө саякат»**

**КЛАССЫ:** 1-класс

**Мугалими:** Мамбетсадыкова Айнура

**Темасы:**

**Живописке алгачкы кадам. Түстөр дүйнөсүнө саякат**

**Сабактын тиби:** Жаңы теманы түшүндүрүү сабагы.

**Сабактын максаты:**

- Окуучуларды живописттин негизги каражаты болгон боектор менен тааныштыруу;
- Негизги жана кошумча түстөрдүн өзгөчөлүгүн, маанилүүлүгүн үйрөтүү;
- Түстөрдүн аталышын, түрлөрүн, айырмасын ажырата билүүгө көнүктүрүү;
- Боектор менен таза, тыкан үнөмдүү иштегенге багыттоо.

**Жабдылышы:**

Г.Айтиевдин «Тоого карай жол», А.Н.Михалевдин «Рыбачьедеги эски көчө» деген живописттик чыгармалары, негизги жана кошумча түстөрдөн түзүлүп жасалган плакаттар, альбом, карандаш, акварель, гуашь, кыл калем ж.б.

**Окутуунун методдору жана ыкмалары:**
Суроо-жооп, аңгемелешүү, өз алдынча иштөө.

**Негизги түшүнүк:** живопись.

**Сабактын жүрүшү:**

1. Уюштуруу.
   - Окуучулардын сабакка болгн даярдыгын жана үй тапшырмасын текшерип, баалоо.

2. Тема боюнча маалымат берүү жана сабактын максатын түшүндүрүү.

3. сабактын темасына кириши.

**Мугалимдин сөзү:**

- Бүгүн биз искусствонун негизги түрлөрүнүн бири болгон живопись менен таанышабыз. Ошондой эле акварель, гуашь боектору менен живописти аткарабыз.

4. Сабактын темасына киришүү.

**Мугалимдин сөзү:**

Живопись – искусствонун бир түрү. Ал башкалардан айырмаланып, түркүн түстөрдөгү боектор менен аткарылат.

- Т.Айтиевдин, А.Ч.Михалевдин жогоруда аталган чыгармалары боюнча аңгемелешүү өткөрүлөт.
- Кандай түстөгү боектор колдонулат?
- Силер боек менен иштегенди жакшы көрөсүңөрбү?
- Кандай түстөрдү билесиңер?
- Силер ар бир түстү көргөндө эмнени элестетесиңер? (Көк түс асман, сары түс күндү, жөжөнү, күн карамаңы, жашыл түс чөп, бак-дарактарды, кызыл түс гүлдү ж.б.)


5. Окуучулардын чыгармачылык иш-аракети.

**Мугалимдин сөзү:**

- Силер ар кандай түстөр боекторду аралаштыруу жолу аркылуу келип чыгаарын билесиңер? Ал үчүн бизге палитра керектелет. Палитра жөнүндө маалымат менен өткөн сабакта тааныштыңыздар. Кыл калемдер үчүн атайын суу куюлуучу сынбай турган материалдан жасалган тунук идишти пайдаланса болот. Боек болгон кыл калемдерди жууп, тазалап, идиштеги сууну булганттпай тез-тезден алмаштырып туруу зарыл. Кыл калемдер ар түрдүү болуп, өзүнө белгилүү номерлер менен белгиленет. Кыл калем канчалык чоң болсо, андагы коюлуучу номердин саны да ошончолук чоң болот. Живописттик иштерди аткарууда кыл калемдердин көп түрү болгону жакшы. Идиштеги суу көп булганбаш үчүн кыл калемдерди сүртүүгө атайын кездеменин колдонулганы оң. Эми окуучулар үчүн альбомдо үлгү катары берилгендей айланаларды альбомго сызып, ичин негизги түстөр менен боейлу.



Г. Айтиев. *«Тоого карай жол»*



А. Н. Михалев. *«Рыбачьедеги эски көчө»*

**Мугалим окуучуларга төмөнкү суроолорду берип, жоопторду алат:**

- Бул чыгармаларда эмнелер сүрөттөлгөн?
- Жылдын кайсы мезгили сүрөттөлгөн?

Окуучулар тапшырманы аткарышат.

Андан кийин окуучуларга альбомдо көрсөтүлгөндөй негизги түстөрдү аралаштырып, кошумча түстөрдү табуу сунуш кылынат. Алар кошумча түстөрдү алгандан кийин эркин темада сүрөт тартуу сунушталат.

Жыйынтыктоо:

1. Окуучулардын иштеринин көргөзмөсү.
2. Сабакта өтүлгөн теманы жалпылоо.

Мугалимдин сөзү:

- Түстөрдүн мааниси жана өзгөчөлүктөрү жөнүндө айтып бергиле.
- Бул сабактан силер боектор менен иштегенди үйрөндүңөрбү?
- Бүгүнкү сабакта жакшы иштедиңер. Азаматсыңар!
- Жумушчу орунуңарды жыйнап, иретке келтиргиле.


Үй тапшырмасы:

Класста тартып баштаган сүрөттү аяктап келүү.

Кошумча материалдар:

Төмөндөгү түстөргө байланышкан таблицаларды жардамчы каражат катары сабактын жүрүшүндө колдоно алабыз.

## Негизги түстөр.
## Негизги түстөрдөн кошумча түстөрдүн алынышы





## Негизги, кошумча, ахроматика жана хроматикалык түстөр

| Хроматикалык түстөр | |
|---|---|
| Негизги түстөр | Кошумча түстөр |

| Ахроматикалык түстөр |
|---|

## Күндүн желесинде (Асан-Үсөн) пайда болгон түстөрдүн айланада жайгашышы



*Күндүн желесиндеги (Асан-Үсөн) айланада пайда болгон түстөрдүн карама-каршы жагындагы түстөр менен контрасттуу жайгашышы.*

# Сүйкөмдөрдүн түрлөрү

